| | | | |
|---|---|---|---|
| 2-класс **Кыргыз тили** | мөөнөтү | | |
| Тема:<br>**Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөр** | ОТИ колу | | |

| |
|---|
| Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү, көрсөтмө сабак. |
| Сабактын формасы: Жалпы класс менен иштөө, маектешүү; |
| Сабактын жабдылышы: слайд-шоу, түстүү сүрөттөр, сабакка керектүү материалдар |

| Негизги Компет-к | Пред-т Компет-к | Сабактын максаты: | көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| маалыматтык | | Билим беруучулук:<br>Жаны тема түшүндүрүлөт.<br>Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөр жөнүндө кеңири маалымат берилет; | |
| Социалдык-комуника-тивдик | | Онуктуруучулук:<br>Окуучулардын кыймыл-аракет жөнүндө элестетүүсү , аң-сезими, эске сактоосу,өз оюн айта билүүсү өнүктүрүлөт;<br>Логикалык сөз байланышы калыптандырылат; | |
| Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү | | Тарбиялык:<br>Окуучулартуура жана сулуу жазууга,өз жоопкерчиликтерин сезүүгө тарбияланат.<br>Топто иштөө аркылуу бири-биринин оюн угуп, биргелешип иштөөгө тарбияланышат. | |
| | | | |

**Сабактын жүрүшү:**

- 1.**Уюштуруу. Саламдашуу**

Балдар, кана айткылачы,
Азырэмнеугулду? … (коңгуроо)
Демек, эмне башталат? … (сабак)
Кандай сабак экенин
Айткылачы үн катпай? ...
Эми мага көрсөткүлө.
Маанайыңар кандайын? ...
Анда эмесе баарыңар,
Көңүл буруп, отургула.
Бүгүнкү сабак кызыктуу
Болоруна ишенем.
Баарыңарга каалары
Жалаң 5, 4 алгыла!

- **Сабакта отуруу адеби:**

1. Бирөө сүйлөп жатканда сөзүн бузба.
2. Жооп берип жаткан балага тоскоол болбо жана кулак сал.
3. Кол көтөрүп жооп бер.
4. Коллектив менен чогуу иште.

- ***<u>Биздин девиз</u>*:** **Билсең – айт,**
  **Билбесең – ук.**
  **Тапшырманы так аткар!**

- **Аңгемелешүү**

1. Бүгүнкү сабак кандай болсо деп ойлойсуңар?

    1. кызыктуу
    2. көңүлдүү
    3. кандай болсо боло берсин

2.Сабакка катышып отурган кызыктуубу же угуп же жазып отурган кызыктуубу?

    1. катышып
    2. угуп же жазып
    3. жакпайт

3. Бул сабактан эмнелерди үйрөнгүңөр келет?

| | | |
|---|---|---|
| | 1. билбеген нерселерди<br>2. туура жана сулуу жазганды<br>3. баарын билем | |
| | Мугалимдин иш аракети | Окуучулардын иш аракети |
| 2.<br>Үй тапш-сын кайталоо | • Биз мурдагы сабакта кайсы тема менен таанышканбыз?<br>• - Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөргө кайсы суроолор берилет?<br>• - Эмне кылып жатат? деген суроо кыймыл-аракеттин качан болуп жатканын билдирет?<br>• - Кайсы сөздөргө берилет?<br>• - Эмне кылды? деген суроо кыймыл-аракеттин качан болуп жатканын билдирет?<br><br>- Кайсы сөздөргө берилет? | Суроолорго жооп айтышат. |
| 3. Суроо-жооп аркылуу аңгемелешүү | ○ Сүрөт менен иштөө<br>- Бул эмне? - Суу.<br>- Суу кайсы суроого жооп берет? - Эмне?<br>- Суунун кыймыл-аракетине суроо бергиле.<br>- Суу эмне кылып жатат? - Суу агып жатат.<br>- Кайсы учурдагы кыймылды билдирди? - Азыркы учурдагы кыймылды.<br>- Суу эмне кылды? - Суу акты.<br>- Кайсы учурдагы кыймылды билдирди? - Болуп өткөн кыймылды.<br>- Суу эмне кылат? - Суу агат.<br>- Кайсы учурдагы кыймылды билдирди? - Боло турган кыймылды.<br>- Бизге заттын кайсы учурдагы кыймылы жаңы болуп жатат?<br>- Боло турган учурдагы кыймылы.<br>- Демек бүгүн биздин өтө турган темабыз: Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөр. | Окуучулар жооп беришет. |
| 4.Жаны теманы түшүндүрүү. | • Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөр кыймыл-аракеттин алдыда боло тургандыгын билдирет.<br><br>Мисалы: келет, турат, жейт, барат, алат, басат, сатат | Балдар окушат, жооп беришет. |

| | | |
|---|---|---|
| | ж.б.<br><br>- Бул эмненин сүрөтү? - Автобус. Буга эмне кылат? деген суроону бергиле.<br><br>- Автобус эмне кылат? - Автобус жүрөт.<br><br>- Чымчык эмне кылат? - Чымчык сайрайт. | |
| 5.Тыныгуу | Тыныгуу<br>(презентациядан көрсөтүлөт) | Аткарышат. |
| 6.Китеп, дептер менен иштөө | Дептер менен иштөө.<br><br>*Канат, Карина, Кара-Суу, Кант,калпак, кыргыз, кымыз, көмүр.*<br><br>Ушул сөздөрдүн ичинен бир сөзгө боло турган кыймылды билдирип, эмне кылат? деген суроого жооп берген сүйлөм түзгүлө.Түзгөн сүйлөмдү жаңы сапка жазып, астын сызып койгула.<br><br>Китеп менен иштөө<br>242- көнүгүү оозеки иштөө<br>243- көнүгүү жазып иштөө<br>244- көнүгүү оозеки иштөө | Китеп менен иштешет. |
| 7. Бышыктоо | Топ менен оозеки иштөө<br><br>1-топ. - Балык эмне кылат? - Балык сүзөт, сүйлөбөйт.<br><br>2-топ. - Көпөлөк эмне кылат? - Көпөлөк учат, конот, жаратылышка көрк берет.<br><br>3-топ. – Уй эмне кылат? - Уй сүзөт, сүт берет, чөп жейт, эт берет, чуркайт.<br><br>Чекиттин ордуна эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздү жазгыла.<br><br>Поезд ●●●●● (жүрөт).<br><br>Самолёт ●●●● (учат).<br><br>Жамгыр ●●●●● (жаайт). | Дептерге жазышат. |

| | | |
|---|---|---|
| | Топ менен сүрөт боюнча иштөө.<br><br>Сүйлөм түзүшөт. | |
| | Өзүңдү текшер! | баракка белгилешет. |
| Жыйынтыктоо.<br>- Балдар, сабагыбыз ушуну менен аягына чыкты.<br>- Сабак силерге жактыбы?<br>Бул сабактан эмнелерди үйрөндүңөр? | | Балдар өтүлгөн сабак боюнча ойлорун айтышат. |
| 8. Үй тапшырмасын берүү:<br>Кыргыз тили китебинин 114-бетиндеги көнүгүүнү аткарып келүү. | | |
| 9. Окуучулардын билимин баалоо | | |



Кыргыз тили 2-к класс

**№1**

1. Бүгүнкү сабак кандай болсо деп ойлойсуңар?

   1. кызыктуу
   2. көңүлдүү
   3. кандай болсо боло берсин

2.Сабакка катышып отурган кызыктуубу же угуп же жазып отурган кызыктуубу?

   1. катышып
   2. угуп же жазып
   3. жакпайт

3. Бул сабактан эмнелерди үйрөнгүңөр келет?

   1. билбеген нерселерди
   2. туура жана сулуу жазганды
   3. баарын билем

**№2** Өзүңдү текшер!

1. Кайсы сөз эмне кылат? деген суроого жооп берет?

- сүйлөп жатат
- чуркады
- бышырат

2. Кайсы сөз эмне кылып жатат? деген суроого жооп берет?

- айдайт
- тартып жатат
- кыйкырды

3. Кайсы сөз эмне кылды? деген суроого жооп берет?

- кубанды
- карайт
- кайнап жатат



________________________________

Кыргыз тили сабагы боюнча ачык сабактын өздүк анализи

**Тема: «Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөр»**

2-к класс

Мугалим: Жоробаева Э.К.

1. **Класстын өзгөчөлүгү**

Класста бардыгы 42 окуучу окуйт. Алардын 13ү кыз, 29у эркек. Бардыгы окуй алышат жана сабакка кызыгуу менен катышат. Бирок, билим деңгээлдери ар турдүү.

Кээ бир окуучулар өтүлгөн темаларды тез кабыл алуу менен өз алдынча иштешет. Сабакка болгон кызыгуусу жогору, тапшырманы так аткарышат, өтүлүп жаткан темаларды билүүгө умтулушат.

Кээ бир окуучулар өтүлгөн темаларды жай кабыл алуу менен мугалимдин жардамына муктаж болушат.

Мен бул класска сабак өтүүдө ар түрдүү ыкмаларды колдонуп өтүүгө аракет кылам. М: слайд-шоу, тест, өз алдынча иштөө үчүн карточкалар, ТСО.

2. **Сабактын темасы жана мазмунунун өзгөчөлүгүн баалоо**

Бул темага бир саат бөлүнгөн.
Сабактын негизги этаптары:

- сабактын темасы, максаты жөнүндө маалымат;
- өтүлгөн теманын негизинде жаңы теманы байланыштыруу;
- жаңы теманы тааныштыруу
- окуучулардын ой жүгүртүүсүн, эске тутуусун, кабыл алуусун, өз оюн эркин айта билүүсүн, жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү
- үйгө тапшырма берүү
- жыйынтыктоо

3. **Сабактын структурасы**

Бүгүнкү сабакта окуучуларга жагымдуу жагдай түзүп алуунун негизинде ыр түрүндөгү оюн менен баштадым. Окуучулар ыр-оюн аркылуу маанайлары кандай экендигин билдиришти.

Сабакта ар кандай усулдарды колдондум. Сабакты көргөзмөлүү өтүүгө аракет кылдым. Балдардын алган билгичтиктерин өнүктүрүү негизинде сүйлөм түзүү жана өз алдынча иштөө үчүн көнүгүүлөр жүргүзүлдү. Сабак чыгармачылык изденүү менен өтүлдү. Менин оюм боюнча алдыма койгон максаттарым аткарылды жана сабак максатына жетти.

Көңүл бурганыныздар үчүн ырахмат. Баарыңыздарга ийгилик каалайм!